

# УБАКТЫЛУУ КАРМООЧУ ЖАЙЛАРГА ПРЕВЕНТИВДИК БАРУУЛАРДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ БОЮНЧА

Национальный центр
Кыргызской Республики
ПО ПРЕДУПРЕЖДЕНИЮ
ПЫТОК

АЛДЫН АЛА ОТЧЕТ

# КОРОНАВИРУС ЖАНА АБАК ЖАЙЛАРЫ

11-февралдан 19-февралга чейин Чүй облусундагы жана Бишкек шаарындагы убактылуу кармоочу жайларга превентивдик баруулардын кийинки этабы жүргүзүлдү. КР ККУБ «Бир Дүйнө Кыргызстан» УК тарабынан тартылган тартылган эксперттер менен биргеликте ИИМнин алдындагы 12 мекемеге барышты.

УКЖдын көпчүлүгүндө администрация кырдаалдын туруктуу экендигин билдиришти.

Коронавирус жана эки тараптуу пневмония менен ооругандардын санынын көбү жана оор кырдаал Бишкек шаардык ИИБнын жана Сокулук РИИБнын УКЖда болгон, мекемелердин жетекчилигине жоопкерчилик тартууга жана абакка кармалгандар үчүн медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө жетишүүгө туура келген;



Коронавирус пандемиясы мезгилинде 2020-жылдын декабрына чейин УКЖда тергөөдө болгондор жана абактагылар үчүн короновирусту жана эки тараптуу пневмонияны дарылоо үчүн стационар уюштурулган эмес.

Оорунун жогорку деңгээли 66 адамдан эки тараптуу пневмония, 11 адамдан коронавирус инфекциясы аныкталган Бишкек шаардык ИИБнын УКЖда катталды. Ошондой эле, Сокулук районунун УКЖна барган учурда абактагылардын бирөө мурда реанимацияда болгондугу, учурда кызыл зонада дарыланууда экендиги кабарланды;

## КОРОНАВИРУСТУ ЖАНА ЭКИ ТАРАПТУУ ПНЕВМОНИЯНЫ ДАРЫЛОО ҮЧҮН ТАЛАП КЫЛЫНГАН МЕДИКАМЕНТТЕРДИ НЕГИЗИНЕН ТУУГАНДАРЫ БЕРИП ЖАТЫШТЫ



Бишкек ШИИБнын начальниги бир нече ай Шаардык саламаттык сактоо мекемесине жана Саламаттык сактоо министрлигине УКЖдын оорулуулары үчүн стационар уюштуруп берүү өтүнүчү менен кайрылып келген.

Узакка созулган сүйлөшүүлөрдөн кийин **11.12.20** гана Бишкек ШИИБнын УКЖнын тергөөдө/абакта кармалган **43** адам дарыланган Республикалык наркология борборунда Кызыл зона ачуу жөнүндө Саламаттык сактоо министрлиги менен
Ички иштер министрлигинин биргелешкен буйругуна кол коюуларды жүргүзүүгө мүмкүн болду;

Баруулардын учурунда эки тараптуу пневмонияга чалдыккан камактагылардын бирөө Сокулук районунун ооруканасында КОВИД менен ооругандар үчүн кызыл зонада дарыланууда болгон. Барганга чейин ал реанимацияда жаткан, кийин жалпы палатага которулган.



# УКЖДАГЫ МЕДИЦИНА

Дээрлик бардык УКЖдын штатында, Бишкек шаардык ИИБнын УКЖнан башка медициналык кызматкердин штат бирдиги жок.

Бул мезгил аралыгында фельдшер бардык оорулуулар үчүн медициналык жардам көрсөткөн, анализдерди алган, иш убактысынан тышкары иштеген.

Чүй облусу боюнча, Кемин жана Панфилов районунун УКЖнан тышкары бардык УКЖда 2017-2018-ж.ж. Кыргызстанда Кызыл Жарым ай коомунун долбоору аркылуу медициналык персонал үчүн кабинеттер жабдылган.

# КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КООПСУЗДУГУ

Бекитилген тизмеге ылайык, короновирусту дарылоо үчүн медикаменттер туугандары тарабынан берилген

ЖАМКнын ички буйругу КОВИД менен күрөшүүнүн принциптерин кыйроого учуратты, камакта кармалган жактардын гана эмес, борбордук УКЖнын кызматкерлеринин коопсуздугу үчүн жол берилгис тоскоолдуктарды, ден соолук жана өмүр үчүн тобокелдиктерди жаратты.

Бишкек ШИИБнын УКЖнын фельдшери УКЖда оорулууларга медициналык жардам көрсөтүп жатып, өзү эки тараптуу пневмонияга чалдыгып, 45 күн аралыгында дарылоодон өткөн. Короновирус пандемиясы учурундагы иши үчүн кандайдыр бир төлөмдөр, кошумча акы, компенсация алган эмес.



# ЭГЕРДЕ КОРОНОВИРУСТУН ЖАҢЫ ТОЛКУНУ БОЛСОЧУ?

Коронавирустун үчүнчү толкунун учурунда бардык УКЖга жеке коргонуучу каражаттардан жана оорунун таралышын алдын алуу үчүн кошумча колдоо талап кылынат.

Бишкек шаардык ИИБнын УКЖндагы негизги себеп жана кооптонуу дал ошол адамдардын толуп калгандыгына байланыштуу, негизинен 68 **орунга лимит** коюлса, УКЖда кармалган адамдардын саны аныкталган учурларда 100 **адамга** чейин жеткен.

Администрация УКЖда кармалгандарды УКЖда 24 күн аралыгында кармоо талабын алып салуу зарылдыгы жөнүндө, аталган мөөнөттү 7 күнгө чейин кыскартууну айтууда.



# ПЦР – КЫСЫМ КӨРСӨТҮҮ РЫЧАГЫ КАТАРЫ

Бардык УКЖда ага келип түшкөндөр үчүн дагы, мекемелердин кызматкерлери үчүн дагы ПЦР анализден өтүү мүмкүнчүлүгү камсыздалган. Ошентсе дагы, КРӨ ККУБ кызматкерлеринин, тартылган эксперттердин, Акыйкатчы институтунун, адвокаттардын ПЦР тестти тапшыруу талабы - жабык жайлардагы укук коргоочулардын, адам укуктары боюнча мамлекеттик мекемелердин өкүлдөрүнө ооруга жол бербөө үчүн рычагдарынын бири болуп саналат

# КАРМООНУН ШАРТТАРЫ

Дээрлик бардык УКЖда тергөө абагындагыларды кармоо шарттарын кыйноолорго жана катаал мамилеге, ал эми айрым учурларда кыйноолорго теңдештирсе болот: акыркы 10 жылдан бери оңдоп-түзөө жүргүзүлгөн эмес, суу түтүктөрү жок, сууга жеткиликтүү эмес, душ кабиналарынын иштебейт, матрацтардын жана одеялдардын эскилиги жеткен, шейшептер, жууркан-төшөнчүлөрү жок.

Тамактануунун нормасын жогорулатуу зарыл. 3 маал тамак берүү уюшулган Бишкек ШИИБнын УКЖнан жана эки маал тамак берүү каралган Кемин райондук УКЖнан тышкары Убактылуу кармоочу бардык изоляторлордо суткасына бир маал гана тамак берилет.

# СУНУШТАМАЛАР

Коронавирус пандемиясынын маалында УКЖда иштегендиги үчүн медкызматкерлерге компенсациялык төлөмдөрдү жана сыйлыктарды берүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу;

Жумуш убагында (жумуш ордунда) короновирус илдети жана эки тараптуу пневмония менен ооруган УКЖдын кызматкерлери үчүн компенсацияларды төлөп берүүнү камсыз кылуу, аларды медикаменттер менен акысыз камсыздоо;

ИИМ, КР Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан УКЖда короновирусту алдын алуу жана дарылоо үчүн жетишерлик сандагы медикаменттерге, жеке коргонуу каражаттарына жана дезинфекциялоочу каражаттарга муктаждыкка анализ жүргүзүү жана камсыз кылуу;

Аталган мекемелерде коронавирустун жайылышын алдын алуу максатында КРнын мыйзамдарына ылайык, ЖАМК тергөө абагындагылардын кармалышы жөнүндө талаптарды кайрадан карап чыгуусу;

Камактагылардын укуктарын, анын ичинде кыйноолордон жана катаал мамиледен эркин болуу укуктарын кыйшаюусуз сактоо;

Убактылуу кармоочу изоляторлордо тергөө абактарындагы жактардын мыйзамсыз кармалышын жана кармоо мөөнөтүн бузуу практикасын болтурбоо;



Өткөрүлгөн иш-чаралар АКШ элчилигинин Демократиялык Комиссиясынын чакан гранттар программасынын колдоосунда жүзөгө ашырылган “Кыргызстандагы балдар үйлөрүндө, психиатриялык жана жабык мекемелерде келечек коркунучуна натыйжалуу жооп кайтаруу үчүн мониторинг жүргүзүү, коргоо жана сунуштамаларды иштеп чыгуу аркылуу короновирустун кесепеттеринин таасиринин деңгээлин төмөндөтүүгө көмөкчү болуу” долбоорунун алкагында уюштурулган.

Документте белгиленген пикирлер, корутундулар же сунуштамалар авторлордун көз карашын чагылдырат жана АКШ элчилигинин Демократиялык комиссиясынын кичи гранттар Программасынын көз карашын милдеттүү түрдө билдирбейт.

**«Бир Дүйнө Кыргызстан» УК**
Дареги: **Бишкек ш., Сыдыков көч. 258**
Емейл: **birduinokyrgyzstan@gmail.com**.
Тел.: **0312 317671**